Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жана Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

# № 7 П Р О Т О К О Л У

Бишкек шаары 21.05.2021.

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т.-п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Муратов А.Ж.- п.и.д., профессор, 13.00.02
3. Омурбаева Д.К.- п.и.к. доцент, 13.00.02
4. Акматов К.К. .- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
5. Ахметова Н.А.- п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Бердибаева С.К. – пс.и.д., профессор 19.00.07
7. Добаев К.Д.- п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Елебесова С.А.- п.и.к. доцент, 13.00.02
9. Манликова М.Х.- п.и.д., профессор, 13.00.02
10. Мукамбетова А.С.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
11. Мураталиева Н.Х.-пс.и.к., доцент, 19.00.07
12. Мусаева В.И.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
13. Рысбаев С.К.- п.и.д., профессор, 13.00.02
14. Сыдыкбаева М.М.- п.и.д., профессор, 13.00.02
15. Үкүева Б.К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
16. Шакеева Ч.А. - пс.и.д., профессор 19.00.07

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар:**

1. Супатаева Э.А.- п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Абдраева Н.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
3. Сегизбаева Н.К.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
4. Абдыбекова Н.А.- п.и.к., КМДТжСАнын ага мугалими, 13.00.01
5. Касымалиева Т.О.- п.и.к., И.Арабаев ат. КМУнун доц.м.а., 13.00.02
6. Нуркулова М.Р.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
7. Куканова М.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02

Отурумдун төрайымы: С. Т. Батаканова, п.и.д., профессор
Отурумдун катчысы: Д. К. Омурбаева, п.и.к., доцент

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумдун төрайымы п.и.д., профессор С.Т. Батаканова ачып, күн тартибиндеги каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи п.и.д., профессор С.К.Рысбаев дайындалып, 2013-жылдын 30-октябрында Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №1 чечими менен бекитилген .

Ишти кароо үчүн төмонкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, доц. Акматов К.К.
2. Педагогика илимдеринин доктору, проф. Сыдыкбаева М.М.
3. Педагогика илимдеринин кандидаты, проф. Үкүева Б.К.

Изилдөө Баткен мамлекеттик университетинин табият таануу жана педагогика факультетинин "Педагогикалык билим берүү" кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор С.Т. Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү **Нажимидинова Асылкан Элчиевна** төмөнкүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, изилдоонүн максаты жана изилдөөнүн милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири - ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл алып, ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп-ата-эне-социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктугу кадыресе байкалат. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү

Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшыраары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү олкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат.

Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз элинин этникалык педагогикасындагы улуттук фольклордун ордун, анын идеяларын жогорку окуу жайларында окутууну өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, Я.А.Коменский, А.С.Макаренко, И.Г.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.) окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз элинин фольклордук чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар: Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, А.Аттокуров, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Т.Н.Каранова, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов ж.б.; фольклористтер: А.А.Акматалиев, К.А.Артыкбаев, С.Б.Байхожоев, М.Б.Борбугулов, С.З.Закиров, С.Ж.Жигитов, Ж.М.Мукамбаев, С.З.Закиров, Т.Т.Танаев, Ж.Т.Төлөев, А.Э.Эркебаев ж.б.; балдар адабиятын изилдөөчүлөр: К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов, А.Сатарова, М.Түлөгабылов, Г.Орозова ж.б. тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасына багыттадык.

Теориялык жана практикалык жактан ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери бир топ окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан каралганы менен проблема ырааттуу изилдөөгө алынган эмес. Анын башкы себептери жана карама-каршылыктары булар болду: азыркы кезде жаш муундарды этномаданияттуу инсан катары калыптандырууда элдик тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы; кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын бай мазмуну жана

аны азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга тарта албай жаткандыгыбыз; болочок мугалимдерди балдар фольклору аркылуу жогорку окуу жайында этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптоо боюнча даярдоонун илимий изилдөөгө алынбагандыгы жана окутуучулар үчүн методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы. Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүүдө изилдөөнүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери»** деп атадык.

**Изилдөөнүн объекти** - жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү процесси болгондуктан буга байланышкан илимий-теориялык, илимий-методикалык адабияттарды окуп-үйрөнүү, байкоо, талдоо, салыштыруу, анализ жасоо, синтездөө, алдыңкы иш тажрыйбаларды жалпылаштыруу жана педагогикалык эксперимент методдорунун жардамы аркасында илимий-изилдөө ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн предмети** – жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болгондуктан кыргыз балдар фольклорун окутуу менен студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык проблемалары илимий изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** – ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызын аныктоо;
2. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн тарыхын жана анын изилденишин талдоо;
3. Кыргыз балдар фольклорун ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окутуу процессинде студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенцияларды аныктоо;
4. Улуттук балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн формаларын, методдорун иштеп чыгуу, аларды практикага сунуштоо жана сунушталган методикалык ыкмалардын, жолдордун натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу

студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, дидактика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; аталган окуу жайларында балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденди.

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттары эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

Диссертант изилдөө ишин тааныштыргандан кийин төрайым С.Т.Батаканова изденүүчүнүн изилдөө ишин тааныштыруусун аяктады. Изденүүчүнүн изилдөө ишине карата кимде суроо бар деп кайрылды.

**В.Мусаева:** Баткен мамлекеттик университетинде балдар адабияты дициплинасы канча саат менен окутулат жана кимдердин программасы колдонулат?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат! 1991-жылы түзгөн М.Түлөгабыловдун "Кыргыз балдар адабиятынын программасында" өтүлүүчү жалпы дисциплинага - 60 саат берилип, анын 32 сааты-лекцияга, 28 саатты-практикалык сабакка, студенттердин өз алдынча ишине - 60 саат берилген. Ошонун ичинен балдар фольклоруна 8 саат бөлүнгөн. Ал эми 8 саат окуу планынын улам жаңы стандарттарына ылайыкталып отуруп 4 саатка түшкөн, акыркы стандарттык окуу планына карап ал 2 саатты түзүп калган. Бул филологиялык адистиктердеги "Балдар адабиятынын" абалы. Ал эми педагогикалык факультеттерде абал мындан да начар. Анткени жалпы фольклордук адабиятка 17 саат бөлүнүп, лекцияга- 6 саат, практикалык саатка -3 саат, өз алдын иштерге -8 саат бөлүнүп, улам окуу прогресси кредиттик бакалаврга өткөн сайын окуу пландары кыскарып фольклордун этнопедагогикалык мааниси өз ордун таппай бара жаткандыгын ачык айтууга туура келет. 2015-жылы п.и.д., проф. А.Ж.Муратов жана К.А.Исаковтор түзгөн программа менен 7 - семестрде 56 саат, анын ичинен аудиториялык - 30 саат, лекция- 18 саат, практикалык- 12 саат, студенттердин өз адынча иштери – 26 саат менен өтүлөт. Ал эми педагогикалык факультеттерде абал мындан да начар. Анткени жалпы фольклордук адабиятка 17 саат бөлүнүп, лекцияга 6 саат, пратикалык саатка 3 саат, өз алдынча иштерге 8 саат бөлүнүп октулат. Мына ошол программаларды негиз кылып биз 4-курстун "Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу" адистиктерине 16саат лекция, 14саат практикалык саат менен атайын курстун программасын түзгөнбүз.

**В.Мусаева:** Менде суроо бар. Асылкан Элчиевна, айтсаңыз. Сиздин темаңыз "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери" деп аталыптыр.

Этнопедагогикалык компетенттүүлүк деген эмне? Ал жөндөмдүүлүктү калыптандырууда кандай методдорду сунуштадыңыз?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат, Венера Инаятовна!

Этнопедагогикалык компетенттүүлүк - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору, өзүнүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туюмдары жана реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму десек туура болчудай. Ал эми студенттердин этнопедагогикалык даярдыгы - бир тараптан инсандын этномаданий нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсүнө багытталуусу зарыл.

Бул компетенттүүлүктү калыптандырууда биз интерактивдик жана атайын аңгеме, изилдөө, түшүндүрүү жана проблемалык методдорду колдондук.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз Минавар Халыковнага берилет.

**М.Манликова:** Кто является основоположником советской российской этнопедагогики?

**Изденүүчү:** Этнопедагогика термини илимий лекциконго 1960-1970-жылдарда Г.Н.Волковтун эмгектери аркылуу кирди. Атап айтканда, анын “Чуваш элинин этнопедпгогикасы(1966) , “Этнопедагогика”(1974) аттуу эмгектеринде бул илимдин өзүнө таандык табияты, изилдеп чечүүчү көйгөү алгачкы жолу аныкталып, өз алдынча илим катары калыптанышы, өнүгүшү обөлгөлөр түзүлдү.

**М.Манликова:** Какое определение дает этнопедагогики? Какие компетентности входят в этнопедагогику?

**Изденүүчү:** Этнопедагогика термин катары илимий чөйрөдө, болжол менен, 1960-1970-жылдардан баштап колдонула баштады десек болот. Анткени ошол мезгилде академик Г.Н.Волковдун бул жаатта бир катар илимий эмгектери жарык көрүп, кеңири жайылган эле. Этнопедагогиканын өзү бул – элдик педагогика болуп саналат.

**М.Манликова:** По детской литератуе по какому учебнику вы работаете? Кто автор? Несколько учебников или один? Из каких учебников вы взяли пословицы? Вы должны были анализы сделать. Сколько занятий вы провели? Сколько произведений вы изучали?

**Изденүүчү:** ЖОЖдор үчүн балдар адабияты окуу китептеринин авторлору: М.Түлөгабылов, М.Сулайманов, А.Муратов, К.Исаков. жалпы 30 саат, 16 лекция, 14 практикалык саат.

Элдик эпикалык чыгармалар,жомоктор,балдар ырлары, элдик макалдар, накыл кептердеги элдик билимдер анализденди жана диссертацияга киргизилди.

**Н.Ахметова:** Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык теги, анын түрлөрү кайсылар?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат. Баарыбызга белгилүү болгондой элдик оозеки чыгармаларды классификациялоодо биринчи К.Рахматулин

М.Богдановалардын, кийинчерээк З. Бектенов Т. Байжиевдин. Ж.Таштемиров, С.Мусаевдин бөлүнүштүрү бар. Бирок ал классификациялардан айырмаланып М.Түлөгабыловдун жогорудагы атайын педагогикалык студенттердин студенттери үчүн жазылган окуу китебиндеги балдар фольклорун классификациясы бир топ ынанымдуу экендиги менен айырмаланат. Анткени ал классификациялоодо автор аздыр көнтүр факты – материалдарга, элдик аныктамаларга, өнүккөн адабий тажрыйбаларга негизделгендиги көрүнүп турат.

Маселен: Ыр: 1. Бешик ырлары. 2. Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар. 3. Беймарал маандайдагы ырлар. 4. Эмгек ырлары. 5. Насаат ырлары. 6. Тирилик ырлары. 7. Тарыхый ырлар.

Жамак (кенже жанр) 1. Жаңылмач. 2. Табышмак. 3. Апыртма (калп). 4. Макал. 5. Ылакап

Жомок: 1. Уламыш. 2. Болмуш. 3. Тамсил. 4. Жөө жомок. 5. Дастан (эпос).

Булардын ич ара тармактары. Маселен: Бешик ырлары: 1. Алдей. 2. Салбилек. 3. Тайбөбөк (тушоо кесүү)

Дүйнө таануу жөнүндө ырлар: 1. Өсүмдүктөр жөнүндө. 2. Макулуктар жөнүндө. 3. Айбанаттар жөнүндө. 4. Мезгил-маал жөнүндө. Беймарал маанайдагы ырлар: 1. Теребел. 2. Саякаттама. 3. Оюн. 4. Эликтөө. Жөө жомок: 1. Кереметтүү. 2. Айбанаттар жөнүндө. 3. Тиричилик жөнүндө. Дастан (эпос): 1. Улуу эпос. 2. Кенже эпос. а) баатырдык, б) турмуштук, в) тарыхый болуп бөлүнөт.

**А.Мукамбетова:** Кыргыз балдар фольклору канчанчы жылдардан баштап ЖОЖдордо окутула баштаган?

**Изденүүчү:** Улуттук балдар адабиятын изилдеген эң алгачкы китеп 1963-жылы жарык көргөн. Анын автору М.Түлөгабылов болуп, китеп «Кыргыз балдар адабияты» деп аталган. Кыргыз ССРинин илимдер академиясында иштелген жана «Илим» басмасынан жарык көргөн бул эмгек көп жылдар бою улуттук балдар адабияты боюнча бирден бир окуу китеби катары жогорку окуу жайларында колдонулуп келди.

Кыргыз балдар адабияты окуу курсунун алгачкы программасы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун педагогика жана башталгыч класстардын методикасы адистиги үчүн 1974-жылы түзүлгөн жана анын кийинки варианты 1986-жылы кошумчалар менен басылып чыккан. Бул окуу программалары ОшПИде гана эмес В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунда да колдонулган. Аталган программа ЖОЖдордо окулуучу акын-жазуучуларды жана алардын чыгармаларын, фольклордук чыгармаларды атап көрсөткөндүгү жана аларды кайсыл багытта үйрөтүү керектигин белгилеп бергендиги менен баалуу.

**А.Мукамбетова:** ЖОЖдордо балдар фольклорун кантип окутуу жолдорун сунуштадыңыз? Мисалы информатик, химик адистигине?

**Изденүүчү:** Куратордук сааттарга сунуштаганбыз жана атайын программалар менен курстарды уюштуруп өтөбүз.

**С.Батаканова:** Ырахмат! Сөз Кыялбек Акматовдо!

**К.Акматов:** Асылкан Элчиевна, студенттердин этнопедагогикалык

компетентүүлүктөрүн калыптандырууга ылайык кандай методдорду жана иштердин формаларын колдондуңуз?

**Изденүүчү:** Методдор: Аңгеме, интерактивдүү метод, изилдөө методу, түшүндүрүү, проблемалык метод, лабараториялык жана башка. Иштердин формалары: Лекция, практика, семинар, конференция, диспут, ийрим жана башкалар.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Сөз сизде Нурлана Алымкуловна!

**Н.Ахметова:** Асылкан Элчиевна, скажите пожалуйста, какие жанры относятся кыргызскому фольклору?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат! Кыргыз балдар фольклору. Балдар чыгармаларынын репертуары өтө бай, көп түрдүү. Балдар фольклорун салттуу фольклордон ажыратып кароо кыйын. Ар бир жанр балдардын табиятына жараша өзгөрүүгө дуушар болгон. Чоңдордун чыгармалары балдар тарабынан кайра айтылып, кээ бир жанрлар чыгармачылык менен кайра иштелип, балдардын репертуарларына өтүп, башкача айтканда көркөм поэтикалык булактар чоңдордун чойросүнөн балдардын чөйрөсүнө көчүп, «балдар фольклору» деген түшүнүктүн, терминдин, илимий проблеманын пайда болушун шарттаган жана классификацияланган.

**Б.К.Үкүева:** Балдар ырларын жаш өзгөчөлүгүнө, аткарган кызматына, маанисине карай кантип классфикацияланат?

**Изденүүчү:** Балдар ырлары жаш өзгөчөлүгүнө, аткарган кызматына, маанисине карай экиге бөлүнөт. Наристе бөбөктөргө арналган ырлар, буга 1) алкыш, бата (жаңы төрөлгөн наристеге багышталган); 2) бешик ыры; 3) эркелетүү, сооротуу, оюн ырлары; 4) балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылган чымчыкейлер. Тестиер балдардын ырларына 1) акыйнек айтышуу; 2) жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына, жыл мезгилдерине карата чыгарылган (календарлык) жана балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар, сөз менен коштолуучу оюндарга табышмак, жаңылмач, оюн ырлары, кирет.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Кимде суроо бар? Жок болсо **талкууга** өтөлү. Ким сүйлөйт? Илимий жетекчиси сөз сурап жатат. Сулайман Казыбаевич,сөз сизде.

**С.Рысбаев:** Баткен мамлекеттик университетинде илим изилдеген аспиранттардын ичинен Асылкан Элчиевна бешинчи аспирантым. Баткен университети кийинки убакта потенциялдуу окуу жайлардан болууда. Илим изилдөөчүлөрдү жетекчилик тарабынан колдоо көрсөтүлүүдө. Балдар адабияты предмети боюнча өзү сабак берип, эксперименттерин жүргүзүп жүрөт. Өзү материалдарын түзгөн, сабактардын иштелмелерин жазган, эки методикалык колдонмону даярдаган. Компетенциялардын түлөрү боюнча материялдарды классификациялап үч түргө бөлгөн. Берилген суроолордун жооптору диссертациясында бар эле сүрдөндү окшойт айта албай калды. Айрым керектүү маалыматтарды дагы толуктайбыз. Өзүнүн даярдыгы жакшы. Потенциялы бар. Кийинки чыкканда сиздерди уят уылбайт деп үмүт кылам.

**В.Мусаева:** Асылкан Элчиевнанын алган темасы абдан актуалдуу. Балдар фольклорундагы чыгармалардын автору - эл. Элдик билимдер

аркылуу этнопедагогикалык компетентүүлүктү калыптандыруунун мыкты системасын иштеп чыккан.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Анда сөз эксперттик топтун мүчөсү К.Акматовго берилет.

**К.Акматов:** Диссертация кабыл алууга жана алдын ала коргоого татыктуу деп эсептейм. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана эксперименталдык ырастоо негизинен жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

Диссертациянын максатын кайрадан карап чыгууну сунуштайм: Максатта модель түшүнүгүн камтуу зарыл, анткени тийиштүү моделди иштеп чыгуу жана иш жүзүндо текшерүү маанилүү роль ойногон;

Диссертацияда, авторефератта да шилтемелерди берүүнү ЖАКтын жобосуна ылайык, адабияттардын тизмесине шилтеме берип чарчы кашаа менен жайгаштыруу зарыл. Бул жумушта диссертацияда да, авторефератта да туура эмес берилген;

Диссертацияда көрсөтүлгөн айрым цитаталардын аралыгында изденүүчүнүн жеке көз карашы берилген эмес, катар-катар цитаталар эле жазылып коюлган. Ар бир цитададан кийин изденүүчүнү жеке көз карашы, анализи керек;

Баптардын, бөлүмдөрдүн аталышы абдан узун, кыскартып, формировка жасоо зарыл;

Иштин үчүнчү бабынын корутундусун кайрадан илимий негизге жакындаштырып иштеп чыгуу зарыл;

Ишин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун жакшылап карап, жасалгасын ЖАКтын талабына ылайыкташтыруу зарыл; Жогоруда белгилеген мүчүлүштүктөрдү жоюну сунуштайм.

**Биринчи расмий оппонент** – Кыргыз республикасынын Билим берүү жана министрлигине караштуу “Республикалык илимий-практикалык “окуу китеби” борборунун директроу, педагогика илимдеринин доктору, доцент К.К.Акматов;

**Экинчи расмий оппонент** – Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын кыргыз тили кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Э.К.Абдырасулова .

**Жетектөөчү мекеме** – Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, педагогика жана маалымат технологиялар факультети, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы жана педагогика жана психология кафедралары.

Төрайым аталган 2 оппонентке жана жетектөөчү мекемеге макул болушса, кол көтөрүп коюусун суранды. Баары макул. Каршы жок. Калыс жок.

Изденүүчү **13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу**

**студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы коргоого сунушталсын.

Бардыгы – 16. Макул – 16. Каршы – 0. Калыс – 0

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторун жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты (доктору) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүкторүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.
2. Изденүүчү 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүкторүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **С. Т. Батаканова**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент** **Д. К. Омурбаева**